2020/2021

Катышуучунун коду
Код участника

| |
|---|
| |

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын III (облустук) этабы

# Кыргыз тили жана адабияты

**(орус класстары үчүн)**

**2-күн**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Фамилиясы/ Фамилия | | Аты/Имя | |
| Атасынын аты/ Отчество | | | |
| Мектеби/Школа | | Айылы/ Село | |
| Району/Район | | Шаары/ Город | |
| Облусу/Область | | | |
| Телефону/ Телефон | | | |
| Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе | | | |
| Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя | | | |

**Нускама**

Олимпиаданын жазуу туру **кыргыз тили жана адабияты** боюнча тапшырмаларды камтыйт.

Тапшырмаларды аткарууга **4 саат** убакыт берилет. Ар бир тапшырма өзүнө тийиштүү балл менен бааланат.

Олимпиада тапшырмаларынын аткарылышынын башкы критерийи – өз алдынчалык. Бардык тапшырмалардын жооптору берилген дептердин ичиндеги атайын көрсөтүлгөн жерлерде бир ГАНА көк сыялуу калем сап менен аткарылышы керек.

Окуучуларда кошумча материалдардын (көркөм адабият тексттери, түрдүү сөздүктөр, окутуу-усулдук адабияттар, уюлдук байланыш каражаттары, компьютер ж.б.) болушуна жол БЕРИЛБЕЙТ. Олимпиадада телефон чалууларга жана социалдык тармактардагы коммуникацияга, олимпиада катышуучулары тарабынан тапшырмалардын талкууланышына жана орток аткарылышына тыюу салынат. Бул шарттар бузулганда, окуучу олимпиада катышуучуларынын курамынан чыгарылат.

Тапшырмаларды орток аткаруу же көчүрүү фактылары байкалган иштер, аткарылган тапшырмалардын сапаты жана санына карабастан, нөл балл менен бааланат.

**Кыргыз тили боюнча тапшырмалар.** Окуучуларга сунуш кылынган тапшырмалар тил илиминин бардык бөлүмдөрүн камтыйт жана окуучулардын жөн гана билимге түз жетүүсүнө эмес, билимин чыгармачылык менен колдонуусуна жана сабактарда калыптандырылган (лексика, грамматика, пунктуация, окуу жана түшүнүү боюнча) жөндөмдөрдү көрсөтүп берүүсүнө багытталган.

**Кыргыз адабияты боюнча тапшырмалар.** Салыштыруу үчүн окуучуларга адабий тексттер сунуш кылынат. Жазылган иш бүтүн, ырааттуу текст болууга тийиш. Окуучу

- бардык жагдайларды жана деталдарды эске алып, ырааттуу текст жазса;
- текстте берилген окуяларга, буюмдарга, каармандарга, кубулуштарга өз мамилесин туюндурса;
- жүйөлөрдү колдонуп, теманын формулировкасына таянып жана өз ойлорун тексттен, башка чыгармалардан, жеке тажрыйбасынан алынган мисалдар менен чагылдырып ой жүгүртсө,

жазылган иш жакшы деп эсептелет.

Тил жагынан окуучу

- сөз байлыгын;
- грамматикалык конструкцияларды түрдүүчө колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн;
- теориялык-адабий түшүнүктөргө (троп жана стилистикалык фигуралардын аталыштарына) ээ экендигин көрсөтүшү керек.

Иштин көлөмү эң аз дегенде 150 сөздөн турушу керек. Эгер иш кайра айтылган же көп бөлүгү кайра көчүрүлгөн комментарийсиз баштапкы тексттен гана турса, анда ал нөл балл менен бааланат.

Упай Баллы | | Катышуучунун коду Код участника |
|---|---|---|---|

Кыргыз тили жана адабияты боюнча облустук олимпиаданын тапшырмалары (орус класстары үчүн). **2-күн.**

**Аткаруу убактысы: 4 саат**

**Эскертүү:** ***«Бир гана жооп жазгыла» деп көрсөтүлгөн учурларда бирден көп жооп жазылган болсо, биринчи жооп гана каралат!***

**Текстти кунт коюп окуп чыгып, ага карата берилген суроолорго жооп бергиле.**

Түн ортосу. Бетинде токумдай бир булут жок – жылдыздуу асман кереметтенип кең дүйнөгө көмкөрүлгөн. Көл бети түнөрүп, күңгөй-тескей Ала-Тоо көшүлүүдө. Жылдызга сайылган шаңдуу аскалары үрөң-бараң тартып зоот жамынган алптардай каалгып үргүлөшөт. Леп-леп жорткон жел эркеси кырды кыдырып, ойду сыдырып калкып турат.

Ушундай сонун түндө изин суутпай кан жол басып кезип келаткан эки араба бар бири бош а алдыңкысында отургандар Терек-Мазарда өткөн окуяларды кеп урушуп, күлүп келе жатышат. Булар Маруся, Акия, Чаргын. Айганыш болсо кабаттап салыңган жер төшөктүн үстүндө чалкасынан жатат. Мандаш токунуп арабанын арт жагына отурган Маруся төрт бүктөп чапан коюп алдын толуктап, Айганышка жаздык болуп алган.

1. **Жогоруда берилген тексттеги кайсы сөз тизмеги тексттеги бардык ойлорду жалпылап турат?**
   **Эскертүү: Бир гана жооп жазгыла!**

___________________________________________

2. **Жогорудагы текст кептин стилдеринин кайсы түрүнө кирет?**
   **Эскертүү: Бир гана жооп жазгыла!**

___________________________________________

3. **Жогорудагы текстте фразеологизмдер барбы? Эгер бар болсо, аларды көрсөтүп, жанына чечмеленишин жазгыла.**

___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________
___________________________________________

4. **Жогорудагы текстте кездешкен төмөнкү сөздөрдү синонимдештиргиле. Эскертүү: Бирден гана жооп жазгыла!**

   (А) токумдай –

   (Б) көшүлүү –

   (В) шаңдуу –

   (Г) кабаттап –

5. **Жогорудагы текстте эскирген сөздөр кездешеби? Эгер кездешсе, аларды таап, төмөндөгү боштукка жазгыла.**

   ______________________________________________

   ______________________________________________

   ______________________________________________

   ______________________________________________

   ______________________________________________

   ______________________________________________

6. **Жогорудагы текстте асты эки сызык менен сызылган сөздөр кайсы сөз түркүмдөрүнө кирет (сөз түркүмүнүн аталышын сөздүн жанындагы кашаанын ичине жазгыла)?**

   (А) Ала-Тоо (                    )

   (Б) леп-леп (                    )

   (В) а (                    )

   (Г) Чаргын (                    )

7. **Жогоруда берилген тексттеги асты бир сызык менен сызылган сөздөрдөн кийин тийиштүү тыныш белгилерин койгула.**

8. **Жогоруда берилген тексттеги белгиленген сүйлөмдү төмөндөгү боштукка көчүрүп жазып, тийиштүү жерге/жерлерге тыныш белгисин/белгилерин койгула.**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**9. Жогоруда берилген тексттеги <u>туура эмес</u> жазылган сөздөрдү таап, алардын жанына туура варианттарын көрсөткүлө.**
**Эскертүү: Үч гана сөздү көрсөткүлө!**

______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________
______________________________________________

**10. Төмөнкү макал-ылакаптардын кыргызча эквиваленттерин жазгыла.**
**Эскертүү: Сөзмө-сөз которууга болбойт!**

(А) Ложка дёгтя портит бочку мёда.

______________________________________________

(Б) Я про сапоги, а он про пироги.

______________________________________________

**11. Төмөндө берилген 2-сүрөттөгү котормо туурабы?**
**Эскертүү: Бир гана жоопту белгилегиле!**




(КОРЕЙСКИЙ МЕДИЦИНСКИЙ ЦЕНТР), 1-сүр.




(КОРЕЯ МЕДИЦИНАЛЫК БОРБОРУ), 2-сүр.

(А) Жок, туурасы: Кореянын медициналык борбору.

(Б) Жок, туурасы: Корей медициналык борбору.

(В) Жок, туурасы: Корея медицина борбору.

(Г) Ооба, туура которулган.

**Сагын Акматбекованын «Калемдин айтканы» деген аңгемеси менен Алыкул Осмоновдун «Каламга» аттуу ырын окуп чыккыла. Бул эки чыгарманы салыштыргыла. Эки чыгармада кандай жалпылыктар жана айырмачылыктар бар? Автордук ой жүгүртүүлөргө өз оюңарды билдирип, аны негиздеп бергиле. Бул чыгармаларды окуп чыккандан кийин кандай сезимдер пайда болду? Чыгармаларда кандай көркөм сөз каражаттары колдонулган, аларды колдонуу аркылуу чыгарманын образдык-маанилик мазмуну, идеясы кантип ачылып берилген? Бул кошумча суроолорду берилген чыгармаларды салыштырууда пайдалангыла.**

**Эскертүү: Автордун орфографиясы, пунктуациясы жана стилистикасы сакталды.**

**Калемдин айтканы**

Күндө жазып отуруп жешилип, түгөнүп баратам. Түгөнгөн сайын учумду чыгарып учтап коёт. Жазат. Кайрадан түгөнө баштайм. Менин түгөнгөнүмдөнбү же өзүнүн түгөнгөнүнөнбү, акыры таштап салат. Сары кагаздардын үстүнө. Ак кагаздарга сейрек жазат. Алар ардакталып текчеде. Машинканын жанында. Машинканы жаңы эле сатып алды. Сары кагаздар менен мен дайыма стол үстүндөбүз. Көбүнчө туш келди ташталып, чачылып жаткан болобуз. Кээ күндөрү таптакыр эле унутулуп калабыз. Ошондо өзүмдүн өткөн күндөрүмдү эскере баштайм. Калем боло электен мурда дарак болгонум эсиме түшөт. Ооба, дарак болсом керек.

…Кээде мени колуна кармаган боюнча терезеге келет. Үйдүн эки терезеси көчө жакты карайт. Бири – ашкананын терезеси. Көбүнчө ошонун жанына барат. Турат. Унчукпай тура берет. Эки колу кайчылашып боорунда. Колунда мен. Мен да эшикти карайм. Караган сайын эле көзүмө кара жыгач урунат. Түп жагы көк, баш жагы куурап бараткан кара жыгач. Түп жагын карасаң – жаз, баш жагын карасаң – кыш. Куш конбойт. Каргалар гана конот. Бир да чымчыктын ага уя салганын көргөн жокмун. Уя салынбаган дарак дарак эмес.

Көчөдөн адамдар жана машиналар тынымсыз өтүп турат. Аларга көңүл бурбайт. Эки көзү кара жыгачта. Тилсиз, үнсүз. Кээде деми да чыкпагандай туюлат. Үйдө киши эмес эле көлөкө жүргөнсүйт. Телевизорду койбойт. Койсо акыркы кабар болуп атканда коёт. Бүткөндө өчүрүп таштайт. Эртең менен кетет. Кечинде келет. Китеп окуйт, же жазат, же жөн эле жатат. Керебетке сулк ташталып. Ойгоо жатабы же уктап жатабы, билинбейт. Кээде кечинде жарыкты да күйгүзбөйт. Көчө шамдарынын чаңгылт шооласы гана тартылган пардалардан араң-араң өтүп турат. Тынччылык. Кулак-мурунду кескендей тынччылык. Саат кулак-мээни жейт. «Чык-чык», – дейт саат. «Кайда чыгайын? Чыга албайм», – дейт тынччылык. Ушинтип кайым айтып отурушуп таң атырышат…

…Кетет. Кечке үйдө «чык, чык», «чыга албайм» үчөөбүз гана калабыз. Кээде күтүүсүздөн телефон чырылдайт. Чочуп кетем. «Чык, чык» менен «чыга албайм» ага көңүл да буруп койбойт. Кабагым-кашым дебейт. Телефон чырылдап, чырылдап жадайт да, унчукпай калат…

…Кээ күндөрү кеткен жагына кагаз кол баштыгына салып мени да ала кетет. Шуулдаган мажүрүмдөрдүн, дуулдаган фонтандардын жанынан өтөбүз. Иштеген жеринде телефондун жаагы басылбайт. Кирип чыккандар, жазып жаткандар, сүйлөшүп отургандар. Тигил столдо бир киши, бул столдо бир киши, бул столдо кагаз, тигил столдо кагаз. Бир күнү баары түштөнүүгө кетишти. Ал гана кеткен жок.

Машинкага баса баштады. Сары кагаздардан көчүрүп ак кагаздарга басып жатат. Сары кагаздардын тагдыры мага бештен белгилүү. Тытылат да, ыргытылат.

А мен деңиз жээгинде өскөн ажайып дарак элем. Бутагыма бүркүт конуп, тамырымда деңиз толкучу. Ажайып дарак элем.

**Каламга**

Сен жолдошум, сен кубатым, сен бактым,
Ашык болуп, издеп жүрүп мен таптым.
Колуктумдан мурда сүйүп өзүңдү,
Өз жанымдын жармысынан жараттым.

Чырагымсың, айсыз түндө адашпайм,
Ынагымсың, жан чыкканча тарашпайм.
Дүркүрөгөн дөөлөтүмсүң, каламым...
Вашингтон долларына алмашпайм.

Заман күчтүү, күч чак келбейт алдына,
Заман дайра, аккан катуу агымга.
Бул турмушта нечен кыйын жол бастык,
Дагы кыйын жолдор жатат алдыда.

Эгер өлкөм керек десе, биз белен,
Эл эрки үчүн туулганбыз энеден,
Жүрөгү чоң баатырларбыз бактылуу –
Жер шаарынын азаттыгын ээлеген.

Мына ушундай улуу жолдо баратып,
Кезек менен күндөр батып, таң атып.
Күтүлбөгөн бир мезгилде, түбөлүк –
Эгер өлүм мени кетсе уктатып.

Ошол замат арта салып мойнуңа,
Тез чуркап жет кең өрөөндүн оюна.
Көп ыйлабай, капаланбай көөмп кой,
Ысык-Көлдүн толкун чачкан боюна.